**УДК 371.1**
**DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-274-278**

**АБДЫЛДАЕВА Т.Ч.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫЛДАЕВА Т.Ч.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**ABDYLDAEVA T.CH.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0006-1934-3267, SPIN-код: 4467-4558

# ААЛАМДАШУУНУН ШАРТТАРЫНДА ЖАШТАРДЫ АДЕП АХЛАКТУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО ИСЛАМДЫН ОРДУ

## РОЛЬ ИСЛАМА В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

## THE ROLE OF ISLAM IN MORAL EDUCATION OF YOUTH IN THE CONDITIONS OF GLOBALIZATION

**Аннотация:** Макалада көп конфессионалдуу коом калыптанып жаткан шарттагы кыргыз жаштарынын динге карата ишенимдеринин өзгөчөлнктөрн мнгнөздөлөт. Жаштардын арасындагы исламдын таралышынын ар тнрднн аспектилери жана ааламдашуу шарттарында руханий-адеп-ахлактык тарбиялоодо диндин ролу мнгнөздөлөт.

**Аннотация:** В статье описываются особенности религиозных убеждений кыргызской молодежи в условиях формирования многоконфессионального общества. Характеризуются различные аспекты распространения ислама среди кыргызской молодежи и роль религии в духовно-нравственном воспитании в условиях глобализации.

**Abstract:** The article describes the peculiarities of religious beliefs of Kyrgyz youth in the conditions of the formation of a multi-confessional society. Various aspects of the spread of Islam among Kyrgyz youth and the role of religion in the spiritual and moral education of youth in the context of globalization are characterized.

**Негизги сөздөр:** дин, жаштар, ислам, адеп-ахлак, диний экстремизм.
**Ключевые слова:** религия, молодежь, ислам, мораль, религиозный экстремизм.
**Keywords:** religion, youth, Islam, morality, religious extremism.

Интенсивднн тнрдө ааламдашуу жнрнп жаткан азыркы мезгилдеги днйнөдө масштабдуу социомаданий трансформациялар жнзөгө ашууда: баалуулуктардын салттуу системасы кыйрап, эволюциялык жол менен электрондук технологиялардын базасында бирдиктнн маалымат мейкиндиги тнзнлнндө, маданият жана искусствонун жаңы тнрлөрн келип чыгууда. Ошол эле учурда салттуу жана салттуу эмес контекстте диний көз караштарга кызыгуу топтолуп, жаралууда. Постсоветтик мейкиндикти камтыган системалуу

кризис учурундагы ааламдашуу процессинин таасиринин өсүшү менен оккультизм, мистика жана эзотериканын таасири кескин курчуду. Массалык маданият аркылуу азыркы мезгилдеги динчилдикке мүнөздүү, үстөмдүк жүргүзүнүчү массалык маданияттын баалуулуктары тарабынан кыймылга келүүчү жана салттан тышкары компонеттер, сапаттык жаңычылдыгы менен мүнөздөлүүчү «жаңы динчилдик» күч алууда.

Дин таануучулардын маалыматтарына караганда, дүйнөдө эки жүзгө жакын ар кандай диний багыттар орун алган, алар үрп-адаты, мазмуну, диний институттарынын сутруктурасы, мындан тышкары коомдук жана жеке жашоону регламентациялоосу боюнча айырмаланышат. Аларга Борбордук Африкадагы этностордун карапайым культтары, Түштүк Сибирдеги шаманизм, мындан тышкары буддизм, христианчылык жана ислам сыяктуу салттуу системалар. Бирок бул бардык диний феномендерге жалпы белгилер да мүнөздүү. Бул биринчиден дүйнөнүн тиги дүйнө (адаттан тыш, табигый эмес, «асмандагы») жана бул дүйнө (табигый, «жердеги») деп бөлүү. Бардык диндердин негизин адаттан тыш күчтөрдүн орун алышы, алардын дүйнөдөгү, индивиддердин күнүмдүк жашоосундагы маанисине ишенүү түзөт. Индивиддердин динге мамилеси, анын бул дүйнөдөгү орун алышына ишенүүсү «динчилдик» деген түшүнүктүн мазмунун түзөт. Обьективдүү мүнөздөгү динден айырмаланып, динчилдик субьекттин мүнөздөмөсүнө ээ болот. Ал белгилүү бир субъектке мүнөздүү, алар индивид, жамаат, топ, этнос, улут жана жалпы адамзат болуп эсептелет. Албетте, динчилдик деген түшүнүктүн астында топ же индивиддин дүйнө таанымы жатат, ал аң сезимдин, мамилелердин жана жүрүм-турумдун жыйындысынан көрүнөт же чагылат.

Динчилдик төмөндөгүдөй критерийлер аркылуу аныкталат: аң сезимдин көрсөткүчтөрү, жүрүм-турумдун көрсөткүчтөрү, диний мамилелердин системасына кирүүсүнүн көрсөткүчтөрү. Мына ушул көрсөткүчтөрдүн бардыгы бар болсо анда динчилдиктин ишке ашып аткандыгын ырастоого болот [1, б.24-25].

Азыркы мезгилдеги коомдогу чындыкты сезүү, реалдуулукка багыт алуу жөндөмү жоголуп жаткан учурда – жакшылыкка, адилеттүүлүккө, боорукердикке, адамдык мамилелерге ишенүүнүн жоголушунан улам коомдук турмушта диндин мааниси жана ролу өсүүдө. Көптөгөн чет элдик жана орус психологдору, диний жашоонун баалуулугун жана реалдуулугун талдоого алышып, адам үчүн диний ишеним индивидге мүнөздүү туулгандан тартып рухий жана адеп ахлактык жакшырууга карай багыттоочу психологиялык феномен катары эсептешет [2, б.16]. Маселен, Н.Г. Дебольский Улуу Жараткандын жана Анын образынын индивиддеги орун алышы анын адеп-ахлактуулугун ырастайт деп белгилейт [3, б.156].

Исламдын дүйнө өлкөлөрүнүн, көптөгөн элдердин рухий турмушундагы, баалуулук багыттарындагы, адеп-ахлактык жоболорундагы жана адамдардын психологиялык сапаттарындагы ролу, орду жана функциялары көптөгөн философтордун, социологдордун, тарыхчылардын, башка гуманитардык илимдердин өкүлдөрүнүн көңүлүн эбактан бери эле буруп келген.

Советтер Союзу урагандан кийин, Кыргызстандын эгемендүүлүк алуусу менен бирге диний кайра жаралуу башталды, анын көрсөткүчтөрүнүн бири диний структуралардын санынын өсүшү болуп саналат. Мына ушул жылдары республикада поликонфессионалдык социум калыптанды. Өлкөнүн жарандары диний ишеним жагынан ар кандай диний конфессиянын өкүлдөрү болуп калышты. Кыргызстандын калкынын көпчүлүгү кыргыз этносу жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүүсүндө тарыхый роль

ойногон салттуу диндерди карманышат [1]. Республиканын калкынын көпчүлүгү – исламдын ханифит мазхабынын сунниттик багыты жана православдык христианчылыкты тутунушат.

Статистикалык маалыматтарга караганда Кыргызстандагы 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштар калыктын үчтөн бир бөлүгүн түзөт. Жаштарда негизги турмуштук баалуулуктар калыптанып жаткандыгын белгилеп кетүү жөндүү: билим алуу, коомдогу социализация, кесип тандоо, өзүнүн карым-катыш жасаган чөйрөсү, рухий багыттары, принциптери калыптанууда [4].

Белгилүү болгондой үй бүлө мамлекет түптөлүүчү социумдун бир бөлүгү. Мына ошондуктан адеп-ахлактык-рухий артыкчылыктар, баалуулуктардын калыптанышында үй бүлөнүн ролу чоң. Ошону менен бирге эле дин маданий, тарыхый маалыматтарды алып жүрүүчү иретинде чоң ролго ээ болуп, азыркы дүйнөнүн органикалык компоненти болуп саналат жана сакралдык функциялардын үч комплексин ишке ашырат. Биринчи кезекте дин адам менен Кудайдын ортосундагы байланышты ишке ашыруудан көрүнүүчү динге ишенүүчүнүн рухий калыптануусун ишке ашырат, жарандык жана динчилдиктин калыптанышы, индивидди жакшылык жана позитивге сугаруу. Экинчиден, дин кайрымдуулукка жана боорукердикке багыт берет. Үчүнчүдөн, дин экономикалык, саясий, маданий-рухий процесстерди, мамлекет аралык, этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда, цивилизациянын ааламдык карама-каршылыктарын чечүүдө чоң күч-кубатка ээ. Үй бүлөлүк мамилелерде да жаштардын динчилдиги маңыздуу мааниге ээ.

Азыркы шарттагы жаштардын негизги көйгөйүнүн бири: жаштар арасындагы процессинин күчөшү; жаштардын көпчүлүк массасы өзүнүн келечегин чет өлкөдөн издөө; жаштардын арасында чоочун баалуулуктардын таралыш процесси; жаштардын айрым бөлүгүнүн криминалдашуусу, айрым бөлүгүнүн диний аң сезимдеринин радикалдашуусу, алардын деструктивдүү, тыюу салынган диний структураларга тартылуусу. Жаштардын жарандык жана социалдык жетилүүсү чоочун таасирдин астындагы аялуу демографиялык топту түзөт, көпчүлүк учурда жаштар диний терроризм жана экстремизмдин жигердүү жактоочуларынын идеологиялык таасиринин астында коргоосуз болуп калууда. Жаштар жакшылык жана адилеттик үчүн күрөштө ар кандай чектен чыгууларга жөндөмдүү. Мисалы, «Жайшуль Махди», «Хизб-ут-Тахрир» сыяктуу террористтик жана экстремисттик структураларда негизин жаштар түзө тургандыгын белгелип кетүүгө болот. Диний маалыматтын аздыгы жаштарды радикалдашууга түртөт, бул алдын алуучу түшүндүрүү иштерин жүргүзбөсө жаштардын дээрлик жарымы исламдын экстремисттик жана радикалдык агымдарына кирип кетиши мүмкүн. Мына ушунун бардыгы азыркы шартта диний билим берүү социалдык өнүгүүнүн маанилүү курамдык бөлүгү катары биринчи планга чыккандыгын көрсөтүп турат. Диний билим берүүнүн өнүкпөгөндүгү республика үчүн чоочун, коркунучтуу радикалдык идеяларды, мындан тышкары диний экстремизмди таратуу, социумду радикалдаштырууга негиз түзүү менен мамлекеттин улуттук коопсуздугуна түздөн түз таасирин тийгизет. Калкты диний агартуу жана билим берүү тармагындагы дин институттардын алсыздыгы мамлекеттин колдоосуна муктаждыкты пайда кылат. Мамлекеттин маанилүү функцияларынын бири этникалык, аймактык диний баалуулуктарды эске алуу менен маданий баалулуктарды жана «рухий баалулуктарды» муундан муунга өткөрүп берүүгө кам көрүү болуп саналат. Ушуга байланыштуу мектептерде жана башка окуу жайларда дин тууралуу маалымат берген ―Дин таануу‖, ―Дин маданиятынын тарыхы‖ предметтерин киргизүү зарыл.

2021-жылдагы өлкө Президенти Садыр Жапаровдун ―Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу‖ Жарлыгына ылайык ―Дин маданиятынын тарыхы‖ предмети 9-10 класстарга кирет [5].

Баарыбызга белгилүү болгондой жаштарды тарбиялоодо дин кызматкерлери, имамдар роль ойноп, жаштар көп суроолордун жообун мечиттердеги дин кызматкерлеринен алышы мүмкүн. Анткени менен көп учурда жаштар дин кызматкерлери менен сүйлөшүүдөн канааттанышпайт, имам жана молдолор жогорку рухий баалуулуктарды үгүттөшкөнү менен өздөрү бул идеалдарга туура келе тургандыгына ынанышпайт. Ошондой эле, хиджаб маселеси да актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Динчилдик, ыймандуулук, адеп-ахлактуулук, ири алдыда, кийим түрүндөгү сырткы формалар аркылуу эмес, руханий ички дөөлөттөр, адамкерчилик сапаттары аркылуу туюнтулууга тийиш. Ислам, же мусулманчылык кылуу өтөөр-кетээр, бүгүн бар, эртең жок мода эмес. Динчилдик, арабдардан келген ислам кыргыздын каны-жанына сиңген улуттук каада-салты менен улуттук сыймыгына залал келтирүүгө, ага каршы келүүгө укугу жок. Ар бир улуттун материалдык жана руханий маданияты өзүнө куп жарашат, ошол улуттун өкулдөрунун көркүн ачып турат. Мисалы, кимоно кийген япон кызы куурчакка окшошуп, эстетикалык табит тартууласа, ошол эле кимонону кийген европалык татынакай кыз андай күчтүү эмоцияларды жарата албайт. Биздин жеке пикирде, кыргыздын кыз-келиндери бети-башын думбалап, бекиткен эмес. Кыргыздын улуттук кийими көчмөн турмушка ыңгайлашып, адамдардын келбети менен сымбатын чыгарган функцияларды аткарган. Мисалы, оор элечектер, чач учтуктар, белдемчи келин-кыздардын денеси менен осанкасын түз кармоого, аларды келишимдүү басууга көмөк берген. Кыргыздын кызы дегенде эле, биз биринчи кезекте, формасыз көйнөкчөн, балбыраган дамбалчан, бети-башы чүмбөттөлгөн бирөөнү эмес, *С. Чуйковдун «Советтик Кыргызстандын кызы»* деген сүрөтүндөгү жарык маңдай, токтоо, билим алуу менен жарыкты көздөй умтулган окуучуну, *Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалиминдеги»* эскинин саркындыларына каршы чыгып, багын илимден издеген профессор Алтынайдын, анын *«Кызыл алма»* чыгармасы боюнча тартылган аты уйкаш фильмдеги тийишкен жигиттерге көңүл кош мамиле жасаган, адеби, жүргөн-турганы менен суктандырган бейтааныш кызды, атактуу балерина *Б. Бейшеналиеваны*, актрисалар *Б. Кыдыкееваны, Т. Турсунбаеваны* ж.б. эске түшүрөбүз. Демек, идеалда кыргыз кыз-келиндери диний принциптерге каршы келбеген адеби, билими, таалим-тарбиясы, сулуулугу, келиштире кийген кийими, чет тилдеринде суудай сүйлөй билүүсү менен башка мусулман аялдарынан өзгөчөлөнгөн имиджге ээ болуусу абзел деген ойдобуз.

Кыргызстандын шарттарында ислам жетишээрлик узак тарыхка ээ. Ошондой болсо да, Кыргыз Республикасынын *табигый, тарыхый, социалдык-экономикалык, кыргыз элинин рухий маданиятынын өзгөчөлүктөрүнө* байланыштуу ислам биздин өлкөдө мусулман динин туткан башка Чыгыш мамлекеттериндегидей терең тамыр жая алган эмес. Коммунисттик идеология менен советтик социалисттик түзүлүш кулагандан соң пайда болгон рухий жана маданий вакуумдун шарттарында ислам бир кыйла жанданып, адамдардын аң-сезимине олуттуу таасир берүүгө далалат кылып жаткан учуру.

Руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо маселелери бардык дүйнөлүк диндерге тиешелүү болуп саналат. Ислам жөнүндө айтсак, коомдогу мусулмандын өзүн алып жүрүүсү, өз ара жардамдашуу, ата-энеге жана жакын тууганга сый-урмат, сергек жашоо ж.б.у.с. моралдык-этикалык нормалардан турат.

Ошентип, жакынына болгон сүйүү, боорукердик, өз ара жардамдашуу, кайрымдуулук, айлана - чөйрөгө аяр мамиле кылуу, ата-энелерди урматтоо ж.б. сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоо менен ислам жана христианчылык баалуулук-маани дүйнөсүн түзүү аркылуу цивилизациялык көйгөйлөрдү жеңүүгө чакырат.

Кылымдар бою топтолгон мусулман, христиан конфессияларынын тарбиялык тажрыйбасы билим берүү, тарбия жана социалдык иш жаатында, активдүү колдонулат, адеп-ахлактык жактан жетилген, руханий жактан өнүккөн инсанды калыптандырууга жана тарбиялоого колдонулат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


Омурова Т.О. Основы религиоведения. Курс лекций: учеб. пособие – Б., 2012. – 196с.

Братусь Б.С. Русская, советская, российская психология: конспективное рассмотрение. –
М.: МПСИ: Флинта, 2000. – 88 с.

Дебольский Н.Г. Философские основы нравственного воспитания / Н.Г.

Бражникова А.Н. Отношение современной молодежи к религии / А.Н. Бражникова // Ученые записки университета имени П.Ф. Лесгафта. – 2011. – 120с.

Анализ результатов социологического опроса "Молодежь и ислам", Государственная комиссия по делам религии КР, 2014г.

Кыргыз республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги
// minculture.gov.kg/ ukaz prezidenta